**Кеңештин курамын бекитүү жөнүндө**

Донорлордун каражаттарынын эсебинен окутууну жөнгө салуу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-ноябрындагы №631-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын донорлордун каражаттарынын эсебинен окутууну координациялоо жөнүндө убактылуу жобонун шарттарын жүзөгө ашыруу үчүн, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 30-сентябрындагы №198-Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы (мындан ары – МКК) жөнүндө жобого ылайык

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын донорлордун каражаттарынын эсебинен окутууну координациялоо боюнча кеңеш (мындан ары – Донорлор кеңеши) тиркемеге ылайык курамында түзүлсүн.
2. Донорлор кеңешинин Иш регламенти бекитилсин.
3. Донорлор кеңешине Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу боюнча жөнгө салынган ишти камсыздоо сунушу берилсин.
4. Донорлор кеңешинин ишин камсыздоо боюнча милдети МККнын окутуу жана тышкы байланыштар бөлүмүнө жүктөлсүн.
5. МККнын финансылык жана администрациялык камсыздоо бөлүмү бул буйрукту ведомстволук сайтта жайгаштырсын.
6. Таламдаш адамдар бул буйрук менен тааныштырылсын.
7. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо МККнын статс-катчы Б.Э. Сагынбаевге жүктөлсүн.

**Директор** **А.А. Карашев**

МККнын 2015-жылдын
17-февралындагы №13-
буйругуна тиркеме

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын донорлордун каражаттарынын эсебинен окутууну координациялоо боюнча кеңештин курамы**

| | | |
|---|---|---|
| Карашев Аалы Азимович | - | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын директору, Кеңештин төрагасы; |
| Кашкарев Александр Османович | - | Кеңештин кошумча төрагасы (макулдашуу боюнча), *жыл сайын ротацияланат, донорлор тарабынан дайындалат;* |
| Алишеров Нурдин Куванычбекович | - | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын окутуу жана тышкы байланыштар бөлүмүнүн башчысы, Кеңештин катчысы; |

Кеңештин мүчөлөрү:

| | | |
|---|---|---|
| Сагынбаев Бакытбек Эсенбаевич | - | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын статс-катчысы; |
| Тарбинский Олег Станиславович | - | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын директорунун орун басары; |
| Баяманова Зуура Эдуадовна | - | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин статс-катчысы; |
| Курманова Айдай Эркиновна | - | Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин статс-катчысы; |
| Кайкиев Эмиль Абдыкалыевич | - | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин статс-катчысынын милдетин аткаруучу; |
| Шадыханов Калысбек Токтосунович | - | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин статс-катчысы; |
| Икрамов Санжар Икрамович | - | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча |

| | | |
|---|---|---|
| | | башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин статс-катчысы; |
| Насыров Алмаз Турусбекович | - | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын ректору (макулдашуу боюнча); |
| Бекташев Кубанычбек Жумаевич | - | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик башкаруу жана кадр иштери бөлүмүнүн эксперти (макулдашуу боюнча); |
| Кравченко Богдан | - | Борбордук Азия университетинин Башкы директору (макулдашуу боюнча); |
| Сунь Хэ | - | Кытай Эл Республикасынын Кыргыз Республикасындагы Элчилигине караштуу соода-экономикалык маселелер боюнча кеңешчиси (макулдашуу боюнча, байкоочунун статусу); |
| ОЯМА Такаюки | - | Япониянын Кыргыз Республикасындагы эл аралык кызматташуу агенттигинин туруктуу өкүлү (макулдашуу боюнча); |
| Ким Джонг Дже | - | KOIKA офисинин Кыргыз Республикасындагы башчысы (макулдашуу боюнча); |
| Конурбаев Эркин | - | Кыргыз Республикасындагы эл аралык өнүгүү боюнча АКШ агенттигинин долбоорлорун башкаруу боюнча адиси (макулдашуу боюнча); |
| Ибрагимов Шамиль | - | «Сорос-Кыргызстан» Фондунун аткаруучу директору (макулдашуу боюнча); |
| Макс Георг Майер | - | Ханнс Зайдель фондунун Борбордук Азиядагы өкүлчүлүгүнүн жетекчиси (макулдашуу боюнча); |
| Абдыкапаров Максат Артисбекович | - | HELVETAS Swiss Intercooperation эл аралык долбоорунун директорунун орун басары; |

| | | |
|---|---|---|
| Бекиев Бекболот Жапарович | - | «Жарандардын ой-пикирлери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын отчет берүүсү: бюджеттик процесс» долбоорунун жетекчиси (макулдашуу боюнча); |
| Джолдошева Динара | - | Дүйнөлүк Банктын офисинин Кыргыз Республикасындагы кредиттик портфели программасынын жетекчиси (макулдашуу боюнча); |
| Кумушбеков Нурдин | - | Саясий өнүгүү институтунун муниципалдык кызмат боюнча адиси (макулдашуу боюнча, байкоочунун статусу); |
| Капарова Айнура | - | ПРООН программасынын координатору (макулдашуу боюнча, байкоочунун статусу); |
| Ибраева Бурул | - | Япониянын Кыргыз Республикасындагы эл аралык кызматташуу агенттигинин туруктуу өкүлчүлүгүнүн программалык адиси (макулдашуу боюнча, байкоочунун статусу); |
| Мелисбеков Чингиз | - | GGPASS программанын адиси (макулдашуу боюнча, байкоочунун статусу). |

МККнын 2015-жылдын
17-февралындагы №13-
буйругу менен
БЕКИТИЛДИ

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын донорлордун каражаттарынын эсебинен окутууну координациялоо боюнча кеңештин**
**Иш регламенти**

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул Регламент Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын донорлордун каражаттарынын эсебинен окутууну координациялоо боюнча кеңештин (мындан ары – Кеңеш) ишин уюштуруу тартибин аныктайт.

2. Донорлордун каражаттарынын эсебинен жалпы багыт боюнча окутуу маселелерин координациялоо тышкы саясат маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу орган (мындан ары – ыйгарым укуктуу орган) тарабынан жүзөгө ашырылууда.

3. Ыйгарым укуктуу орган окутуу маселелерин жөнгө салууну макулдашуу боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (мындан ары – ЖӨБО), донордук жана эксперттик коомчулуктун өкүлдөрүнүн катышуусу менен, донорлордун каражаттарынын эсебинен кызматчыларды окутууну координациялоо боюнча Кеңешти түзүү жолу менен жүзөгө ашырат.

4. Ушул регламентин колдонулушу төмөнкү ченемдик укуктук актылар аркылуу пайдаланылат:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 11-августундагы №462-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуунун тартиби жөнүндө убактылуу жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-ноябрындагы №631-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын донорлордун каражаттарынын эсебинен окутууну координациялоо жөнүндө убактылуу жобо;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутууга мамлекеттик заказ.

## 2. Кеңештитин ишин уюштуруу

2.1. Кеңеш – донорлордун каражаттарынын эсебинен окутууну пландаштыруу, натыйжалуулугун талдоо жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жолу менен координациялоону ишке ашыруучу жана туруктуу иштеп жаткан коллегиялык орган болуп саналат.

2.2. Кеңеш өз ишин Кеңештин мүчөлөрүнүн сунуштарынын негизинде даярдалган жана Кеңештин отурумдарында бекитилген иш пландарына ылайык уюштурат.

2.3. Кеңеш ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин чечими менен түзүлөт жана жоюлат.

2.4. Кеңештин иши төмөнкү принциптердин негизинде жүзөгө ашырылат:

- коллегиалдуулук;
- өз ыктыярдуулук;
- ачыктык;
- чечимдердин негиздүүлүгү.

2.5. Кеңештин мүчөлөрү өз ишин коомдук негизде жүзөгө ашырышат.

2.6. Кеңештин жеке курамы Кеңештин төрагасы болуп саналган ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин буйругу менен бекитилет.

2.7. Кеңештин донордук коомчулуктун, мамлекеттик органдардын жана ЖӨБОнын өкүлдөрү менен өз ара аракеттенүүсү төмөнкү процесстердин алкагында ишке ашырылат:

- донорлордун каражаттарынын эсебинен мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу жана квалификациясын жогорулатуу планын иштеп чыгуу;
- донорлордун каражаттарынын эсебинен окутууну өткөрүү тематикасы боюнча мамлекеттик органдардын жана ЖӨБОнын сунуштары боюнча маалымат менен алмашуу.

## 3. Байкоочулар

3.1. Кеңешке караштуу байкоочунун статусун алууну каалаган (мындан ары - байкоочунун статусу) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын донорлордун каражаттарынын эсебинен окутуу маселелерине жардам көрсөткөн уюмдар Кеңештин Катчылыгы аркылуу тийиштүү арыз менен Кеңешке кайрылуу керек.

3.2. Катчылык байкоочунун статусун алууну каалаган уюмдун арызын кароо үчүн Кеңештин мүчөлөрүнө бул арызды жиберет. Арыз белгиленген тартипте каралгандан кийин Кеңештин байкоочунун статусун

берүү (токтотуу, жоюу) жөнүндө чечим Кеңештин отурумунда кабыл алынат.

3.3. Байкоочунун статусун берүү жөнүндө арызды кароодо тийиштүү арызды берген уюмдардын өкүлдөрү Кеңештин отурумуна чакырылат. Байкоочунун статусун берүү жөнүндө чечим Кеңештин отурумунда кабыл алынат.

3.4. Байкоочунун статусу Кеңештин отурумунда чечимди кабыл алууда добуш берүүгө жана Кеңештин документтерине кол коюуга укук бербейт.

3.5. Байкоочунун статусун алган уюмдар төмөнкүлөргө укуктуу:

- Кеңештин отурумуна жана анын жумушчу топторунун отурумдарына катышуу;

- Кеңештин компетенциясына кирген жана аларды кызыктырган маселелер боюнча жазуу жүзүндөгү арыздарды Катчылык аркылуу таратуу;

- Кеңеш тарабынан кабыл алынган материалдарды жана чечимдерди зарыл болгондо алуу;

- байкоочунун статусунан баш тартуу жөнүндө арызды Катчылыкка жиберүү, ал боюнча тийиштүү чечим Кеңештин кезектеги отрумунда кабыл алынат.

3.6. Байкоочунун статусун алган уюмдар Кеңештин ишине байкоочу катары катышууга байланыштуу керектүү маалыматты Катчылыктын суроо-талабы боюнча көрсөтүү.

3.7. Байкоочунун статусун алган уюмдар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу чөйрөсүндө жана Кеңештин ишмердигинде, анын ичинде Кеңештин мүчөлөрү менен аракеттенүүдө өз иши жөнүндө жазуу жүзүндөгү маалыматты жыл сайын тапшырууга милдеттүү.

3.8. Байкоочу уюмдар Кеңештин алдына коюлган максаттарга жетүү үчүн Кеңештин мүчөлөрүнө көмөк көрсөтө алышат.

## 4. Кеңештин отурумдарын өткөрүү тартиби

4.1. Кеңештин отурумдары зарыл болгондо, бирок жылына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.

4.2. Кеңештин отурумунун жайы жана убакыты Кеңештин төрагасы тарабынан аныкталат.

4.3. Кеңештин кезектеги отурумунун күн тартибине анын компетенциясына тиешелүү маселер кирет.

4.4. Кеңештин отурумунун күн тартиби Иш планына ылайык Кеңештин мүчөлөрүнүн сунуштарынын негизинде Кеңештин төрагасы тарабынан түзүлөт.

4.5. Кеңештин мүчөлөрүнүн Иш планынан тышкаркы маселелерди күн тартибине киргизүү жөнүндө сунуштары кезектеги отурум өткөрүлө

турган күнгө чейин кечиктирбестен 20 календарлык күндөн мурда Кеңештин төрагасына жиберилет.

4.6. Кеңештин отурумунда ыйгарым укуктуу органдын жетекчиси төрагалык кылат, ал жок болгондо төрагалык милдетти Кеңештин кошумча төрагасы аткарат.

4.7. Кеңештин отурумуна Кеңештин мүчөлөрү жана донорлук коомчулуктардын, мамлекеттик органдардын жана ЖӨБОнын чакырылган өкүлдөрү катышат.

4.8. Кеңештин мүчөлөрүнө отурум өткөрүлгөнгө чейин 5 күн мурда материалдар көрсөтүлөт.

4.9. Кеңештин отурумунда карала турган маселелерди даярдоо үчүн туруктуу жана убактылуу жумушчу топтор Кеңештин чечими боюнча түзүлүшү мүмкүн.

4.10. Кеңештин отурумундагы чечимдер Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Эгерде добуштар тең болсо, анда Кеңештин төрагасы добуш берген чечим кабыл алынды деп эсептелет.

4.11. Кеңештин отурумдарында протокол жүргүзүлөт.

4.12. Кеңештин ишине Кеңештин мүчөлөрү болбогон атайын чакырылган эксперттер тартылышы мүмкүн.

4.13. Кеңештин отурумунун күн тартибине Кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү тарабынан кароо үчүн сунуш кылынган маселелер киргизилет, ошондой эле ыйгарым укуктуу орган донорлордун каражаттарынын эсебинен кызматчыларды окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштарды, өткөрүлгөн окутуу курстары боюнча жалпыланган маалыматты жана талдоолорду Кеңештин талкуусуна жана кароосуна тапшырат.

4.14. Ыйгарым укуктуу орган Кеңештин отурумунда карала турган маселелер жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер тууралуу массалык маалымат каражаттары аркылуу жарандарды маалымдайт.

## 5. Корутунду

5.1. Бул регламент Кеңештин мүчөлөрү тарабынан жактырылган учурдан тартып жана ыйгарым укуктуу органдын жетекчиси тарабынан бекитилгенден кийин күчүнө кирет.

5.2. Бул регламентке өзгөртүүлөр жана толуктоолор Кеңеш тарабынан Кеңештин мүчөлөрүнүн кароосуна сунушталып, алар жактырылгандан кийин күчүнө кирет.

5.3. Бул регламент менен теске салынбаган бардык маселер Кеңештин милдеттерине жана функцияларына жараша Кеңеш тарабынан чечилет.